УДК 378.14:930(575.1)

DOI 10.58649/1694-9099-2025-3-6-8

**Досбол Нур уулу**
Тарых илимдеринин доктору, профессор
**Досбол Нур уулу**
Доктор исторических наук, профессор
**Dosbol Nur uulu**
Doctor of Historical Sciences, Professor

# ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН 100 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА: ТАРЫХТАН КЕЛЕЧЕККЕ
# К 100-ЛЕТИЮ СО ДНЯ ОБРАЗОВНИЯ КЫРГЫЗСКОГО НАЦИОНАЛЬНОГО УНИВЕРСИТЕТА ИМЕНИ ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА: ИЗ ИСТОРИИ В БУДУЩЕЕ
# ON THE 100TH ANNIVERSARY OF THE FOUNDING OF THE KYRGYZ NATIONAL UNIVERSITY JUSUP BALASAGYN: FROM HISTORY TO THE FUTURE

2025-жылдын 25-октябрында Жусуп Баласагын атындагы кыргыз Улуттук университети өзүнүн 100 жылдык маарекесин салтанаттуу белгилейт. Бул окуу жай 1925-жылы 25-октябрда Кыргыз агартуу институту катары негизделип, бүгүнкү күндө университет республикада билим берүү жана илимдин символуна айланды.

Ж.Баласагын атындагы кыргыз Улуттук университетинин тарыхы — Кыргызстандын бардык жогорку окуу жайларынын тарыхы. Ал эми анын негизги вектору, магистралдык багыты ата мекендик жогорку билим берүү системасы тарабынан топтолгон бардык жакшы тажрыйбаларды кылдаттык менен сактоого умтулуу болуп саналат.

Революцияга чейин Кыргызстан Россия империясынын колониялык чет-жакасы болгондуктан, элге билим берүү жана агартуу тармагына бийлик тарабынан көңүл бурулбай келген. Октябрь революциясынын жеңишинен кийин Кыргызстандын алгачкы жетекчилер – И.Айдарбеков, Ж.Абдрахманов, А.Орозбеков, И.Арабаевдердин алдында агартуу системасынын фундаментин түзүп, республиканы билимдүү кадрлар менен камсыз кылуунун өтө оор милдети турган.

1919-жылы РКП(б)нын VIII съезди кабыл алган партиянын чечиминин негизинде Пишпек (Бишкек) шаарында мугалимдерди даярдоочу алты айлык курс ачылып, аны 95 кыргызстандык бүтүргөн. 1920-1924-жылдары республиканын аймагында мындай курстар Пржевальск, Токмок, Ош жана Жалал-Абад шаарларда иштеген. Аталган курстарда 800дөн ашуун жергиликтүү улуттардын өкүлдөрү билим алышкан. Мындан тышкары, кыргыз жаштарынын өкүлдөрү педагогикалык билим алуу үчүн Ташкент, Алма-Ата шаарларына жана РСФСРдин борбордук шаарларына — Москва, Ленинград, Тверь, Киев, Казань, Оренбург, Омск шаарларына жөнөтүлгөн. Кыргыз интеллигенциясынын алгачкы өкүлдөрү аталган шаарлардан билим алып келишкен. Ушул жылдары республикада өзүбүздүн билим берүү жана кесиптик базаларды түзүү үчүн кызуу даярдыктар жүрүп жаткан.

1925-жылы 25-октябрда Пишпекте Кыргыз агартуу институту (Киргизский институт просвещения – Киринпрос) ачылган. 1928-жылы кыргыз педагогикалык техникуму болуп өзгөртүлгөн. 1929-жылы ВКП(б) Кыргыз обкомунун Пленуму techинститутту уюштурууга даярдык көрүү жөнүндө чечим кабыл алган.

1931-жылы РСФСРдин жана Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Кеңештеринин декреттерине ылайык педагогикалык техникумдун базасында 1932-жылдын 13-январында республикада биринчи жогорку окуу жайы, Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институту (КМПИ) уюштурулуп, 1932/33-окуу жылында төрт факультет – социалдык-экономикалык, физикалык-техникалык, адабий-лингвистикалык жана коомдук илимдер факультеттери уюштурулуп, ага алгачкы 150 студент кабыл алынган. Республикада жогорку окуу жайын ачуу фактысы өзгөчө мааниге ээ болуп, чоң өзгөрүүлөрдү жасаган.

1932-жылдын 5-ноябрында КМПИнин официалдуу ачылышын Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы А.Орозбеков менен ВКП(б)нын Кыргызстан обкомунун катчысы Б.Исакеев өткөрүшкөн.

1934-жылы 15-майда ВКП(б) БКнын жана СССР Эл Комиссарлар Советинин: «СССРдин мектептеринде жарандык тарыхын окутуу жөнүндө» белгилүү токтому чыгып, КМПИнин социалдык-экономикалык факультети тарых факультетине айландырылган. Аталган токтомдун

негизинде КМПИнин тарых факультетинде тарыхчылардын илимий-педагогикалык кадрларын массалык түрдө даярдоонун башталышы түптөлгөн.

1934-жылы КМПИде шаардык мугалимдерди даярдоо болюнча кечки бөлүм, 1935-жылы күзүндө эки жылдык окуу мөөнөтү менен мугалимдер институту, 1936-жылы беш жылдык сырттан окуу бөлүмү ачылган. 35 жашка чейинки бардык советтик граждандар жогорку окуу жайларына тапшырууга укуктуу болуп, ар бир студентке студенттик билет жана бирдиктүү эсепке алуу китепчеси (зачетная книжка) берилген.

ВКП(б) БКнын жана СССР Эл Комиссарлар Советинин 1936-жылдын 23-июнундагы декрети менен мектептерде педагогикалык практиканы мезгил-мезгили менен алмашып туруу менен университеттерде окутуунун негизи катары лекциялар, семинарлар жана лабораториялык сабактар белгиленген. Окуу процессинин негизги формасы лекциялар болгон, алар аудиториялык убакыттын 50%ке чейинкисин ээлешип, негизги идеологиялык жүктү көтөрүшкөн. Докладдар жана практикалык сабактардын негизинде адабияттар жана булактар менен өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү максатын көздөгөн семинарлар жана практикалык сабактар уюштурулган.

Алгачкы жылдарында институттун тездик темп менен өнүгүүсүнө карабастан, илимий-педагогикалык кадрларды топтоодо, лабораторияларды, кабинеттерди, университеттин китепканасын түзүүдө чоң кыйынчылыктар болгон. Ошол эле мезгилде кыргыз тилдүү орто мектептеринин жай өсүүсү да жогорку окуу жайларына кабыл алуу үчүн окуучулардын жетиштүү санын камсыз кылган эмес. Мисалы КМПИ ачылган жылы план боюнча 150 окуучу болгон, бирок студенттердин санын 120га кыскартууга мажбур болгон, ал эми тапшыргандардын саны 43 гана адам кабыл алынып, натыйжада сабактардын башталышын бир айга жылдырылууга туура келген. Бул арада дагы 11 адам кабыл алынган. Республиканын агартуу Эл комиссариатынын чечими менен Фрунзедеги педагогикалык техникумдун 3-курсунун 30 студенти институттун биринчи курсуна которулган. Сабак башталганга чейин институтка жалпысынан 84 адам кабыл алынган, алардын 50%ке жетпегенин кыргыз улутундагылар түзгөн.

Республикада жогорку билим берүүнүн өнүгүшүнө СССРдин көптөгөн жогорку окуу жайлары, биринчи кезекте Россия Федерациясынын университеттери көмөк көрсөтүшкөн. Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институттун жетекчилиги 1933-жылдын 7-январында Герцен атындагы Ленинград педагогикалык институтуна жана башка бир нече жогорку окуу жайларына жардам сурап кайрылган. Герцен атындагы институттун коллективи кабинеттер үчүн жабдуулар менен окуу жана илимий адабияттарды жөнөтүшкөн. Кыргызстанга ондогон жаш адистер келишкен. Алардын катарында филология илимдеринин кандидаты Георгий Иванович Хоролец, биология илимдеринин кандидаты Дмитрий Иванович Степаненко, филология илимдеринин доктору Петр Иванович Харакоз, тарых илимдеринин доктору Анна Гавриловна Зима, тарых илимдеринин кандидаты Борис Михайлович Зима, профессор Георгий Акимович Сухомлинов, география илимдеринин кандидаты Борис Александрович Лунин, тарых илимдеринин кандидаты Геннадий Георгиевич Куранов жана башкалар келишкен.

Алар Кыргызстанда адистерди даярдоого көп күч-кубат жана энергия жумшашкан. Жогорку билимдүү мугалимдер окуу процессин окуучулар терең, бекем билим алгыдай кылып уюштура алышкан. 1936-жыл Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын тарыхында белгилүү жыл болуп, педагогикалык институттун биринчи бүтүрүүчүлөрү чыгышкан. Институттун көптөгөн бүтүрүүчүлөрү кийин республиканын атактуу адистери болгон. Алар – тарых илимдеринин доктору, Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясынын академиги Бегималы Жамгырчинов, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалимдери Акима Жолдошева, У.Ботбаева, республиканын илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү Кадыр Шатемирович Шатемиров жана башкалар.

Согуштун алдындагы жылдарда улуттук университетти ачуу жөнүндөгү маселе бышып жетилген. 1939-жылдын 20-сентябрында Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Совети менен Кыргызстан КП БКсы «Фрунзе шаарында мамлекеттик университетти ачуу жөнүндө» токтом кабыл алышкан.

Токтомдо:

«1. Иштеп жаткан 4 жылдык педагогикалык институттун базасында 1942-жылдын 1-сентябрында Фрунзе шаарында тарых, философия, укук, филология, биология, физика-математика, экономика факультеттеринен турган 7 факультеттен турган Кыргыз мамлекеттик университети ачылсын.

2. Иштеп жаткан мугалимдер институту 1942-жылдын 1-сентябрына карата кыргыз тили жана адабияты, тарых, табият таануу, география, чет тилдер, физика-математика факультеттери 4 жылдык педагогикалык институтка которулсун» - деп жазылган.

Бирок Улуу Ата Мекендик согуштун башталышына байланыштуу бул маселени чечүү кийинкиге калтырылган.

Ата Мекендик согуш жылдарында пединституттун илимий-билим берүү базасы ырааттуу өнүккөн, ал эми институттун окумуштууларынын гуманитардык жана табигый илимдер жаатындагы изилдөөлөрү барган сайын көрүнүктүү орунду ээлеген.

Согуштан кийинки мезгилде педагогикалык институт Орто Азиядагы алдынкы илимий жана окуу борборлорунун бирине айланган: анын факультеттери жана кафедралары ошол кездеги эң заманбап окуу пландарын жана программаларын колдонуу менен иш жүзүндө жогорку окуу жайларынын бардык тармактары боюнча адистерди даярдап чыгарышкан.

1950-жылдардын башында педагогикалык институттун материалдык-техникалык базасы чыңдалып, билим берүүнүн жана илимдин сапаты боюнча эл аралык стандарттарга жооп бере ала турган, анын дубалынан чыккан окутуучу, профессор-академиктери менен мамлекет сыймыктана турган окуу жайына айланган.

Техникалык прогресстин тез өнүгүүсү илимдин өндүрүш менен тыгыз байланышын талап кылган. Кыргызстанда университеттик билим берүүнү уюштуруу маселеси алдыңкы планга чыккан.

1951-жылы 24-майда СССР Министрлер Советинин кабыл алган токтомунда: «1951-жылы Фрунзе шаарында Кыргыз пединститутунун базасында төмөндөгүдөй факультеттерден турган Кыргыз мамлекеттик университети уюштурулсун: тарых, филология, физика-математика... Кыргыз мамлекеттик университети биринчи категориядагы жогорку окуу жайынын катарына киргизилсин. Кыргыз педагогика институтунун 2, 3, 4-курстарынын студенттери Кыргыз мамлекеттик университетинде педагогикалык институттардын окуу пландары боюнча окуу курсун аяктоолорун камсыз кылууга СССРдин жогорку жана атайын орто билим берүү министерствосуна милдеттендирилсин». Токтомго И.В.Сталин кол койгон.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети жана Кыргыз ССР Министрлер Совети атайын комиссия түзүп, университетти ачууга даярдык көрүү боюнча зор иштерди жүргүзүшкөн. 1951-жылы 31-августта университеттин ачылышы салтанаттуу кырдаалда болуп өткөн. Бул кыргыз элинин маданий турмушундагы эбегейсиз зор окуя болгон. «Коммунисттик партиянын лениндик улут саясатынын салтанатынын жаңы жаркын далили, анын кыргыз эли жөнүндө дайыма камкордугунун көрүнүшү» - деп жазган 1971-жылы Кыргызстан КП БКнын биринчи секретары Т.Усубалиев.

Кыргыз педагогикалык институту анын кийинки мураскери — мамлекеттик университет болуу менен Кыргызстандын бардык дээрлик жогорку окуу жайларын түзүү үчүн негизги база болуп калган. Республикада КМУнун кээ бир факультеттеринин базасында бир нече жогорку окуу жайлары түзүлгөн. Мисалы, 1954-жылы техникалык факультеттин базасында өз алдынча жогорку окуу жайы болуп Фрунзедеги политехникалык институт түзүлсө, 1955-жылы университеттин дене тарбия факультетинин базасында Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институту түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 1993-жылдын 11-августундагы "Кыргыз мамлекеттик университети жөнүндө" жарлыгы менен Кыргыз мамлекеттик улуттук университети (КМУУ) болуп өзгөртүлгөн. Анда: «Азыркы билим берүү системасын өркүндөтүү жана дүйнөлүк стандарттын деңгээлине жеткирүү максатында... Кыргыз мамлекеттик университетинин Кыргыз мамлекеттик улуттук университети деген статусу аныкталсын» - деп жазылган. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2002-жылдын 11-майындагы жарлыгы менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети болуп өзгөртүлгөн.

Улуттук университеттин ишинде, акыркы жылдары, кескин өзгөрүүлөр, жаңылануулар болуп жатат. Кыргызстандын дүйнөлүк маалымат мейкиндигине киришинин стратегиялык концепциясы ишке ашырылып, келечектин университетинин пайдубалы түптөлдү. КУУ эркин рынок шартында өнүгүп жаткан жана маалымат дооруна, универсалдуу коммуникацияларга жана глобалдык ой жүгүртүүгө тайманбай кирген жаңы демократиялык мамлекеттин символу болгон дүйнөдөгү эң ири университеттердин катарына кошулду.

Университеттин 100 жылдыгы — бул өткөн муундардын эмгегинин, учурдагы жетишкендиктердин жана келечектеги түз жолдун майрамы. Өткөн кырдаалда университет көп кыйынчылыктарды баштан кечирди: инфраструктуранын жетишсиздиги, окуу-изилдөө жабдууларынын аздыгы, союз мезгилинен кийинки экономикалык кризистер жана башка сырттан келген таасирлер. Бирок ар кандай шартта КУУ илим-билимди сактап, өнүктүрүүгө умтулуп, улуттук интеллигенцияны, мамлекеттин кадрларын, илимдеги жана коом-саясаттагы лидерлерди даярдоого чоң салым кошуп келет.

Ректор Д.Чонтоев жетектеген КУУнун негизги миссиясы – университеттин билим берүү жана илимий потенциалын сактоо жана жогорулатуу үчүн классикалык жана инновациялык жетишкендиктерге таянуу. Ошондой эле улуттук идеяларды жаратуучу, улуттук долбоорлорду ишке ашыруучу, улуттук интеллигенцияны өстүрүүчү борбор болууну көздөйт.